**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ИШ БАШКАРМАСЫ**

**УПРАВЛЕНИЕ ДЕЛАМИ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720016, Бишкек ш., Ч. Айтматов пр., 301    Тел.: (312) 55 72 72    720016, г. Бишкек, пр. Ч. Айтматова, 301

№____________________    «_____»________________20____-ж.г.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Кеңешинин**
**депутаты Д.Д. Бекешевге**

**Урматтуу Дастан Далабайевич!**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы (мындан ары – Иш башкармасы) Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын 2026-жылдын 27-августундагы № 63122 тапшырмасына ылайык Сиздин мопеддерди, мотиктерди, мотороллерлерди, скутерлерди, электроскутерлерди жана башка ушул сыяктуу транспорт каражаттарын мыйзамдаштыруунун жана андан кийин мамлекеттик каттоодон өткөрүүнүн жөнөкөйлөтүлгөн тартибин иштеп чыгуу маселеси боюнча кайрылууну карап чыгып, төмөнкүлөрдү маалымдайт.

Иш башкармасы аталган транспорт каражаттарын легалдаштыруунун жана каттоонун жөнөкөйлөштүрүлгөн механизмин караган атайын убактылуу тартипти иштеп чыгуунун зарылдыгын колдоп, документтердин жөнөкөйлөштүрүлгөн тизмесин, транспорт каражаттарын милдеттүү түрдө идентификациялоону, ошондой эле мамлекеттик маалыматтык базалар боюнча текшерүүнү карап чыгуу максатка ылайыктуу деп эсептейт.

Транспорт каражаттарынын бажылык тариздөлишин жана Кыргыз Республикасына мыйзамдуу алып келингендигин ырастоо маселелери тиешелүү мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарынын чегинде ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнүн алкагында чечилиши зарыл.

Иш башкармасы тиешелүү ченемдик укуктук актыны иштеп чыгууга катышууга жана белгиленген компетенциясынын чегинде каттоо жол-жоболорун ишке ашырууга даяр экендигин билдирет.

**Урматтоо менен,**

**Иш башкаруучунун**
**орун басары** **Р.К. Мамырбаева**

Н.Б. Жумалиев, 557661

№ 03/3945, 17.09.2026

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Мамырбаева Р.К., 16.09.2026

Жооп кайтарууда биздин чыгыш № таянуу керек.
При ответе ссылка на наш исх. № обязательна.